**Дарынын формасы**
Ичке кабыл алуу үчүн тамчылар, 100 мл

**Курамы**
100 г препараттын курамында:

**Активдүү заттар:**
Суу-спирт экстракты 29,0 г (экстрагент: этанол 59 % (кө/кө)), анын ичинде:
Алтеянын тамыры – 0,4 г
Ромашканын гүлдөрү – 0,3 г
Хвощ чөбү – 0,5 г
Жаңгактын жалбырактары – 0,4 г
Тысячелистниктин чөбү – 0,4 г
Эмендин кабыгы – 0,2 г
Дары одуванчикинин чөбү – 0,4 г

**Жардамчы заттар:**
Тазаланган суу – 71,0 г

**Сыпаттамасы**
Тунук же бир аз бүдөмүк, сары-күрөң түстөгү, ромашканын мүнөздүү жыты бар суюктук. Сактоо учурунда чөгүндүнүн пайда болушу мүмкүн.

**Колдонууга көрсөтмөлөр**
-жогорку дем алуу жолдорунун курч жана өнөкөт ооруларынын (тонзиллит, фарингит, ларингит) алдын алуу жана дарылоо
-респиратордук вирус инфекцияларында татаалдашуулардын алдын алуу жана бактериялык инфекцияларда антибиотик терапиясына кошумча каражат катары

**Колдонуу ыкмасы жана дозалары**
Курч ооруларда:
Чоңдор жана 12 жаштан жогору балдар: 25 тамчыдан күнүнө 5–6 жолу
Мектеп курагындагы балдар (6–12 жаш): 15 тамчыдан күнүнө 5–6 жолу
Мектепке чейинки балдар (2–5 жаш): 10 тамчыдан күнүнө 5–6 жолу
Курч белгилер жоголгондон кийин дарылоону дагы кеминде бир жума улантуу керек.

**Курч белгилер жоголгондон кийин:**
Чоңдор жана 12 жаштан жогору балдар: 25 тамчыдан күнүнө 3 жолу
Мектеп курагындагы балдар (6 жаштан жогору): 15 тамчыдан күнүнө 3 жолу
Мектепке чейинки балдар (2 жаштан жогору): 10 тамчыдан күнүнө 3 жолу
Тамчылар суу менен суюлтулбаган түрдө кабыл алынат, жутуудан мурун бир аз ооздо кармоо сунушталат. Дозалоодо флаконду тик кармаңыз. Колдонор алдында силкиңиз.

**Терс таасирлери**
Мүмкүн:
-ашказан-ичеги трактынын бузулуусу
-аллергиялык реакциялар
Аллергиянын алгачкы белгилери пайда болгондо Тонзилгон® Н кабыл алууну токтотуу керек.

**Каршы көрсөткүчтөр**
-препараттын каалаган компонентине жекече жогорку сезимталдык
-күрмө гүлдүүлөр үй-бүлөсүндөгү өсүмдүктөргө белгилүү аллергия (мисалы: полынь, тысячелистник, хризантема, маргаритка), ромашка гүлдөрүнө "айкаш реакциялар" болушу мүмкүн
-2 жашка чейинки балдар

**Өзгөчө көрсөтмөлөр**
Бул дары препаратында 19 % (кө/кө) спирт камтылат. Препарат алкоголизм менен жабыркагандарга же алкоголизмден дарылануусун жаңы аяктагандарга колдонууга болбойт. Алкоголдун курамын боор оорулары же эпилепсиясы бар жогорку тобокелдиктеги бейтаптар эске алышы керек.
Эгерде белгилер сакталып калса же демигүү, ысытма, ириңдүү же кан аралаш какырык пайда болсо, дарыгерге кайрылыңыз. Колдонууда флаконду тик кармаңыз.

**Кош бойлуулук жана эмизүү мезгили**
Жетиштүү маалыматтар жок болгондуктан, кош бойлуулук жана эмизүү мезгилинде препаратты колдонуу сунушталбайт.

**Сактоо шарттары**
Оригиналдуу таңгакта 25 °Сден жогору эмес температурада сактоо керек.
Балдар жетпеген жерде сактаңыз!
Жарактуулук мөөнөтү – 2 жыл. Флакон ачылгандан кийин – 6 ай.
Жарактуулук мөөнөтү өтсө, колдонбоңуз.

**Дарыканадан берилиш шарттары**
Рецептсиз